**УДК: 903.8**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/2-271-279**

**Карасартова Ч.Ж.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети.
Бишкек ш.

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЫЙЫК ЖЕРЛЕРДИН КЫРГЫЗДАРДЫН РУХАНИЙ МАДАНИЯТЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Аннотация:** Бул макалада ыйык жерлердин кыргыздардын руханий маданиятына тийгизген таасири талдоого алынды. Байыркы жана көчмөн эл болгон кыргыз элинин байыркы замандан бери ата-бабалардан келе жаткан сыйынуу каадасынын бүгүнкү күнгө чейин сакталып келиши, Кыргызстанда көп сандаган диний жана ыйык жерлердин бар болуусунун өзү эле элдердин руханий жашоосунда мындай жерлердин маанилүү экендигинен кабар берет.

СССР мезгилиндеги атеисттик саясттын кесепетинен ыйык жайларга көңүл бурулган эмес. Кыргызстан эгемендикти алгандан бери коомдо ыйык жайларга болгон кызыгуу күч алгандыгына карабастан, алар толук изилденип же мамлекет тарабынан коргоого алына элек. Теманын актуалдуулугу азыркы ааламдашуу шартында, көчмөндөр цивилизациясын даңазалоо, өлкөнүн табигый жаратылышын жана элибиздин улуу маданиятын дүйнө элдерине таанытуу маселеси менен шартталган..

**Негизги сөздөр:** кыргыз эли, руханий маданият, ыйык жайлар, кыргызчылык, манасчылык, табыпчылык, жайчылык, көчмөндөр цивилизациясы, маданий мурастар.

**Карасартова Ч.Ж.**
кандидат исторических наук, и.о.доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ВЛИЯНИЕ СВЯТЫХ МЕСТ КЫРГЫЗСТАНА НА ДУХОВНУЮ КУЛЬТУРУ КЫРГЫЗОВ

**Аннотация:** В данной статье проанализирована влияние святых мест на духовную культуру кыргызов. Сохраненная по сей день древняя и кочевая традиция поклонения кыргызского народа, переданная от предков издревле, а также наличие в Кыргызстане большого количества религиозных и святых мест свидетельствует о важности таких мест в духовной жизни народов. Древний и кочевой народ кыргызы, сохранивший до сегодняшнего дня традиция поклонения с древних времен к святым местам, идущая от предков, а также наличие большого количества религиозных и священных мест в Кыргызстане само по себе говорит о важности таких мест в духовной жизни кыргызов.

В результате атеистической политики во времена СССР святым местам не уделялось внимания. Несмотря на растущий интерес к священным местам в обществе с момента обретения независимости Кыргызстана, они не были полностью исследованы или защищены государством. В условиях глобализации прославление кочевой цивилизации, знакомство с

природой страны и великой культурой нашего народа среди народов мира также является одним из актуальных вопросов.

**Ключевые слова:** кыргызский народ, духовная культура, святыни, кыргызство, сказительство, целительство, лучник, кочевая цивилизация, культурное наследие.

**Karasartova Ch.Zh.**
Candidate of Historical Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## INFLUENCE OF THE SACRED SITES OF KYRGYZSTAN ON THE SPIRITUAL CULTURE OF THE KYRGYZ

**Annotation:** This article analyzes the influence of holy places on the spiritual culture of the Kyrgyz people. The ancient and nomadic tradition of worship of the Kyrgyz people, dating back to their ancient ancestors, continues to this day; the presence of a large number of religious and sacred places in Kyrgyzstan testifies to the importance of such places in the spiritual life of peoples. The ancient and nomadic people of the Kyrgyz people, who have preserved to this day the tradition of worshiping holy places from ancient times, coming from their ancestors, as well as the presence of a large number of religious and sacred places in Kyrgyzstan, in itself speaks of the importance of such places in the spiritual life of the Kyrgyz people.

As a result of the atheistic policy during the USSR, no attention was paid to holy places. Despite growing interest in sacred sites in society since Kyrgyzstan's independence, they have not been fully explored or protected by the state. In the context of globalization, the glorification of nomadic civilization, acquaintance with the nature of the country and the great culture of our people among the peoples of the world is also one of the pressing issues.

**Key words:** Kyrgyz people, spiritual culture, shrines, Kyrgyzstan, storytelling, healing, nomadic civilization, cultural heritage.

Кандайдыр бир ашуу-белдер, талаалар, тоолор, таштар, булактар, минералдуу суулар сыяктуу жерлерди ыйыкташтырып алуу салты: көптөгөн көчмөн элдерге мүнөздүү. Анткени көчмөн элдердин жашоосу толугу менен жаратылыштан жана анын өзгөрүп кубулуусунан көз каранды болгондугу белгилүү. Ошого байланыштуу көчмөндөрдүн эң негизги сыйына турган жайлары да жаратылыш объектилери болгондугун билебиз. Мындай көрүнүштөр көчмөндөрдүн күнүмдүк турмушун коштоп, алардын турмуш-тиричилиги, каада-салттары жана үрп-адаттары аркылуу бекемделип келген. Ыйык жерге болгон мамиле көчмөндөрдүн моралдык-этикалык жүрүм-турум нормаларын жөнгө салууда оң таасирин тийгизген.

Көчүп-конуу учурунда кооптуу жерлерден өткөн мезгилдерде көчмөндөр миндеген жылдар бою калыптанып калган, ата-бабалардан бери келе жаткан сыйынуу каадасын кылып, анан өтүшкөн. Ошентип, ушундай сыйынуу, табынуулардан улам өзгөчө ыйык деп саналган жерлер пайда болгон десек жаңылышпайбыз. Байыркы көчмөндөрдүн ишенимдеринде жер жана жаратылыш – жаны бар, тирүү нерсе катары эсептелип, ар бир тоонун, таштын, көлдүн, булактын өзүнүн Руху, б.а. ээси бар деп айтылып келген. Ал эми мындай сырдуулук элди бириктирип турган күчкө ээ болгон. Адатта сыйынуулар малды курмандыкка чалуу, түлөө берүү, садака берүү ж.б. ушул сыяктуу жөрөлгөлөр менен коштолгон. Жаратылыштын ыйык

күчтөрүнөн алар жардам сурап тиленишкен, ыраазычылык алуу максатында курмандык чалышкан. Зыярат кылуу салты болсо, ошол белгиленген жерден жана сыйынуудан көз каранды болгон.

Көчмөн элдердин бири катары кыргыз эли дагы мындай маданияттан четте калган эмес. Байыртадан эле кызгыз эли тоого, ташка, сууларга сыйынып, аларды ыйык тутуп келишкендигин билебиз. Кыргыздын «Баш сурасаң – Манжылы-Атага бар, мал сурасаң – Чолпон-Атага бар, так сурасаң – Кочкор-Атага бар, ден-соолук сурасаң – Ысык-Атага бар» [7] деген макалы ыйык жайлардын маанилүүлүгүнөн кабар берип турат.

Кыргызстанда көп сандаган диний жана ыйык жерлердин бар болуусунун өзү эле элдердин руханий жашоосунда мындай жерлердин маанилүү экендигинен кабар берет. Бирок, ыйык жерлердин бардыгы эле туруктуу өнүгүүнүн үстүндө дегенден алыспыз. Азыркы учурда алардын кээ биреөлөрү туруктуу сыйынуучу жайга айланса, кээ биреөлөрү унутта калган. Алсак, Ош шаарындагы «ыйык тоо» катары эсептелген Сулайман-Тоо улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси 2009-жылы ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизилген. Ал жакка орто эсеп менен жылына 100 миңге жакын туристер келип турушат [10].

Ошондой эле Ысык-Көлдөгү Манжылы – Ата мазары бизге ыйык булактардын өрөөнү жана миңдеген адамдардын зыярат кылуучу жайы катары белгилүү. Бул жакка тегеректеги айылдардын жергиликтүү тургундары гана эмес, жыл бою Кыргызстандын башка аймактарынан да дарт-илдеттерден айыгууну, балалуу болууну эңсеген зыяратчылар келип турушат. Кийинки мезгилдерде ыйык мазар чет элдик туристердин да көңүлүн өзүнө бурууда. Шах-Фазиль мавзолейине, Манас-Орто комплексине, Таш-Рабат караван сарайына ж.б. ушул сыяктуу ири тарыхый ыйык жайларга дагы жыл сайын кыргызстандыктардан сырткары миңдеген туристердин келип жаткандыгы белгилүү.

Бирок, тилекке каршы Кыргызстанда азырынча ыйык жайлардын көпүлүгү толук изилденген эмес жана мамлекет тарабынан коргоого алына элек, ошону менен бирге эле алардын дарамети толук пайдаланган жери жок. Анын бирден бир себеби СССР мезгилиндеги атеисттик саясттын кесепети тийгендигинде десек да болот. Анткени, совет доорунда алардын коомдогу орду жоюлууга чейин барган. Мисал катары 1952-жылы Сулайман тоодогу Бабурдун үйүнүн совет доорунда талкалангандыгын айтсак болот. Ошентсе да атеисттик кысым кыргыздардын сыйынуу салтын толук жок кыла алган эмес. Элдер ыйык жайларга жашыруун түрдө барып сыйынып, зыярат кылышкандыгы белгилүү.

Кыргызстан эгемендикти алгандан тарта коомдо ыйык жайларга болгон кызыгуу күч алганын байкайбыз. Кыргызстанда 2004-жылдын май айында Гулнара Айтпаеванын демилгеси менен коомдук уюм катары түзүлгөн «Айгине» маданий-изилдөө борборунун иш аракеттери буга мисал боло алат. Бул уюм Кыргызстандын табигый жана маданий мурастарын изилдөөнү жана сактоону максат кылып, табият менен маданият көрүнүштөрүнүн ачыла элек кырларын иликтеп, сырдуу дүйнө менен илимдин, табият менен маданияттын, салттуулук менен жаңычылыктын, Батыш менен Чыгыштын жана башка демейде болуучу карама-каршылыктардын шайкештигин издөө менен алектенип келет [3].

Азыркы учурда «Айгине» маданий-изилдөө борбору Кыргызстандагы касиеттүү ыйык жерлерди изилдөөнүн үстүндө иш алып баруу менен гана чектелбестен, табигый жана маданий мурастарды коргоо, сактап калуу боюнча бир катар актуалдуу маселелерди көтөрүп чыкты десек жаңылышпайбыз [12]. Борбор бүгүнкү күндө ыйык жерлер кимдин карамагында жана

кимдин менчигинде деген маселеден баштап, ыйык тарыхый – жерлер мыйзам чегинде мамлекет тарабынан корголушу кечиктирилгис маселе экендигин күн тартибине коюшту.

Дагы бир белгилеп коюучу жагдай, азыркы учурда табигый жана маданий мурастарды изилдеп, аларды сактоо аркылуу өнүктүрүү, Кыргызстанда туризимди өркүндөтүүдө зор роль ойномок. Бекеринен Кыргызстанды этнографиялык туризмди жайылтуу үчүн укмуш жер деп аташпаса керек. Учурдагы ааламдашуу шартында, көчмөн цивилизациясын даңазалоо, кыргыз элинин табигый жаратылышын жана улуу маданиятын белгилүү деңгээлде дүйнө элдерине таанытуу дагы актуалдуу маселелердин бири.

Кыргызстанда кылым карыткан аскадагы жазуулар, сүрөттөр, асман тиреген ак мөңгүлүү тоолор, касиеттүү булактар, көлдөр, ыйык жайлар, мазарлар ж.б. бар. Тарыхый айык объектилер республиканын бардык аймактарында орун алган жана алар кыргыз элинин өткөн жашоосун, көөнөрбөс маданиятын, үрп-адат, каада-салтын көрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Мындай тажрыйба коңшу өлкөлөрдө да ишке ашырылып келет. Алсак, Казахстандагы түрк дүйнөсүнүн борбору катары эсептелген, «Казахстандагы Венеция» – деген экинчи аталышка ээ болгон Туркестан шаары бүгүнкү күндө, жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин туристеринин арсында абдан популярдуу жай болуп саналат. Ал эми Өзбекстандын белгилүү тарыхый шаарлары Самарканд менен Бухара дагы элдин кызыгуусун арттырып, бүгүнкү күндө элдин саны үзүлбөй өз мамлекетине чоң киреше алып келчү тарыхый туристтик жайга айланган.

Ал эми Кыргызстандагы ыйык жерлерге бүгүнкү күндө анчалык деле көңүл бурулбай келет. Эгерде Арсланбап, Апшыр-Ата, Барскоон шаркыратмалары ж.б. ушул сыяктуу жерлерге жетишээрлик көңүл бурулуп, мамлекет тарабынан мыйзамдар бекилип, каралса анда алар туристтик мыкты жайларга айланып, ошону менен катар мамлекеттин экономикасына дагы пайда алып келмек деген ойдобуз.

Демек, жогоруда айтылгандардын бардыгы теманын актуалдуулугун айгинелеп турат. Ушул өңүттөн алып караганда, Кыргызстандагы ыйык жерлер Кыргызстан элдеринин руханий турмушунун, маданиятынын бөлүнгүс бир бөлүгү катары ар тараптаптуу изилдөөгө муктаж.

Бул макалада Кыргызстандагы ыйык жерлердин кыргыздардын руханий маданиятына тийгизген таасири каралды.

Ыйык жерлердин кыргыз элинин руханий турмушуна, маданиятына тийгизген таасирин талдоого алуудан мурун руханий маданият түшүнүгүн чечмелеп алалы.

Руханий маданият – адамдардын жамааттык аң-сезими, туюп-билүүсү, кабыл алуусу тарабынан иштелип чыккан өндүрүштүк ыкмалардын жалпы системасынын жыйындысы [8, 565-б.] болуп саналат. Руханий маданиятка муундан муунга, укумдан тукумга сөзсүз берилүүчү оозеки чыгармалардын, түрдүү маалыматтардын, таалим-тарбиянын, элдик илим-билимдердин, үрп-адаттардын, каада-салттардын [4, с. 46] жана искусствонун түрдүү багыттары, элдик чыгармачылык, диний ишенимдер жана жөрөлгөлөр ж.б. кирет.

Демек, кыргыз элинде муундан муунга өтүп, кылымдардан бери сакталып келе жаткан көптөгөн адаттар, каада-салттар, жөрөлгөлөр, ар түрдүү маалыматтар сөзсүз түрдө ыйык жерлер менен тыгыз байланыштуу экендиги талашсыз.

Албетте, азыркы мезгилдеги кыргыз маданиятындагы көптөгөн көрүнүштөрдүн качан жана кайсы жерде пайда болгондугун аныктоо оңой иш эмес. Доорлор алмашып, мезгилдер өткөн сайын мурунку кээ бир үрп-адаттар, каада-салттар, жөрөлгөлөр жок болуп, жаңылары пайда болуп тураары мыйзам ченемдүү көрүнүш. Белгилеп коюучу жагдай, бүгүнкү күндөгү

ыйык жерлерге зыярат кылуу тажрыйбасы биздин муунга байыртадан бери келе жаткандыгында күмөн жок.

Бул параграфта ошол ыйык деп аталган жерлердин кыргыз элинин руханий турмушуна тийгизген таасирлерин көрсөтүүгө аракет жасалды.

Алсак, кыргыздардын эс тутумунда сакталып келе жаткан жана эгемендүүлүккө жеткенден кийин кайрадан калыбына келтирилип, жаңыланып жанданып жаткан көрүнүштөр катары «кыргызчылык», «манасчылык», «касиеттүүлүк», «табыпчылык», «жайчылык» жана башка ушул сыяктуу көрүнүштөрдү атоого болот.

Мисалы, кыргызчылыкты Кыргызстандын аймагында жашаган элдердин байыркы, бирок ошол эле учурда, жаңылануучу, калыптануучу руханий тажрыйбаларын көрсөтүп турган ыйык жерлер жана салттык, бирок адам – баласынын жашоосундагы бүт өзгөрүүлөрдү чагылдырган, руханий жана ырым-жырым тажрыйбасын камтыган институт катары кабыл алып жүрүшөт.

Эл арасында, «кыргызчылыгы бар экен», «кыргызчылыгым бар», «кыргызчылыгы кармап калды» деген сөздөрдү угуп калабыз. Бул сөздөрдү кээ бир эле адамдар түшүнбөй калбаса, көпчүлүк аны адамдарды даарылоочу касиет берилген адам катары түшүнөт. Бирок, биринчи жолу уккан киши: «Кыргызчылык деген эмне?» – деп сурап калса, дароо эле толук кандуу жооп берүү кыйыныраак.

Бул түшүнүктү иликтеген белгилүү окумуштуу Абрамзон «кыргыз этнографиясы боюнча белгилүү китептерди же сөздүктөрдү баракташ көрсөк, аларда «кыргызчылык» дегендин түшүндүрмөсү табылбайт– деп жазган» [1, с.155]. Ал эми кыргызчылык маселеси эки миңинчи жылдырдын башында, окумуштуулар тарабынан эмес, кыргызчылыктын жактоочулары жана аны алып жүрүүчүлөр тарабынан көтөрүлүп, бир нече китептерде жарык көргөн [*13*]. Ал эми 2007-жылы «Айгине» борбору тарабынан чыгарылган «Мазарлар жана адамдар» аттуу китеинин үчүнчү бөлүмүндө эл арасындагы кыргызчылык тажрыйбасы тууралуу маалымат берилген: «элдин түшүнүктөрүнө таянсак, руханий кыргызчылык – бул адамдын улуу күчтөр менен байланышта болуп, ошол күчтөр аркылуу манасчылык, табыпчылык, жайчылык жана башка касиеттерге ээ болуусу. Ким гана болбосун: табып, бүбү, бакшы, манасчы, дубана, куучу, айтымчы – бирөө да өзүнөн-өзү, жалгыз иш-аракет кыла бербейт, баары кайсы бир жол менен касиетке ээ болуп, өз улуу күчтөрүнүн жардамы менен иш-аракет кылышат» [*13*].

Көпчүлүктүн пикири боюнча кыргызчылык – бул мурас катары ата-бабалардан берилген касиет. Кыргызчылык берилген адам аны туура түшүнүп, туура күтүп, ага жүктөлгөн милдетти туура ишке ашырса гана, өзүнө берилген парзды, башкача айтканда бул дүйнөдөгү ыйык милдетин аткарып кеткен болот. Элибизде эгерде аны ишке ашыра албаса, – касиет берилген адамдын, үй-бүлөсүнүн, туугандарынын жолдору болбой, кыйналышат деген түшүнүк бар. Ал эми, кыргызчылыкты моюнуна албаган адамдар эрте эле дүйнө салат деген зор ишеним бар. Жалпысынан алганда руханий кыргызчылыктын түпкүрүндө бир чоң дүйнө тааным бар, ал: адам баласынын өткөн жана боло турган мезгилдер менен тыгыз байланышы жана көзгө көрүнгөн дүйнө менен көзгө көрүнбөгөн дүйнөнүн ажырагыс биримдиги.

Жогоруда биз атап кеткен «манасчылык», «касиет», «табыпчылык», «жайчылык» ж.б. түшүнүктөрдүн бардыгы «кыргызчылык» түшүнүгүндө камтылган. Анткени «кыргызчылык» түшүнүгү көп кырдуу жана чексиздикке ээ болгон кеңири түшүнүк. Бул түшүнүк «кыргыз» деген унгудан жана «чылык» деген суффикстен турат. Демек, кыргыздарга таандык нерселердин, көрүнүштөрдүн бардыгын кыргызчылыкка киргизүү логикага туура келет. Ушул

өңүттөн алып караганда, кыргызчылык – бул кыргызды кыргыз кылган жана дүйнөгө тааныткан көрүнүштөрдүн өзөгү.

Алсак, тууганчылык – кыргызчылыктын бир көрүнүшү, мейманчылык – чет элдиктерди суктанткан жана таң калтырган кыргыздын мыкты салттарынын бири. Кошоматчылык деле, башка элдердегидей, кыргыздардын арасында өз ордун тапкан.

Азыркы мезгилде кыргызчылык тенирчиликтүшүнүгү менен маанилеш келип, «кылым карыткан каада-салттуу, үрп-адаттуу, ырым-жырымдуу, түбөлүктүү учу-ченемсиз, чексиз эркин өнүккөн касиет» [6, 43-б.] катары аныкталып да жүрөт

Демек, элдин түшүнүктөрүнө таянсак, руханий кыргызчылык – бул адамдын улуу күчтөр менен байланышта болуп, ошол күчтөр аркылуу манасчылык, табыпчылык, жайчылык жана башка касиеттерге ээ болуусу. Ким гана болбосун: табып, бүбү, бакшы, манасчы, дубана, куучу, айтымчы – бирөө да өзүнөн-өзү, жалгыз иш-аракет кыла бербейт, баары кайсы бир жол менен касиетке ээ болуп, өз улуу күчтөрүнүн жардамы менен иш-аракет кылышат [*13*].

Манасчылык өнөрдүн ыйык жер менен болгон байланышы тууралуу да эл арасында коп айтылып жүрөт. Көпчүлүк манасчылар адегенде түшүндө аян берилип андан кийин манас айтып калгандыгын айтып жүрүшөт. Мисалы, Улан Исмаилов деген манасчынын айтуусунда, «Манас» айтуу анын үч уктасам түшүнө кирген эмес экен. Манасчы болуп калуусу тууралуу ал мындай деген: «Күтүүсүздөн арбактардын аяны аркылуу айтып калгам. Ага чейин «Манасты» толук окуп көрбөптүрмүн, окуяларынан да кабарым жок экен. Он жетиден он сегизке караган кезимде күүгүм талаш Баатыр чоролору менен көрүнүп: «Мени унутпай айтып жүр» – деди. Бир күнү Айкөлдүн чоролорунун бирөөсү: «Баатыр сага бул жерден бата бербейт, Манастын күмбөзүнө ба. Ошол жерден жакшы айтсаң адам болуп келесиң, жаман айтсаң майып болуп келсиң» – деп айтып калды. Бир жылдан кийин жети кой алпарып, күмбөздө жети күн «Манас» айтып, баатырдын батасын алдым» [10]. «Манас» эпосун айткандардын дээрлик бардыгы арбак дааруу процессинен өтүп, бир катары ага түшүндө, бир катарлары өңүндө кабылган. Ушундан кийин гана алар бул өнөргө баш-оту менен кирет. Бул манасчылык өнөрдү коштогон негизги көрүнүштөрдүн бири катары эсептелет [7, 92-б.].

Бул жерде манасчы манасчылык өнөрдү аян аркылуу алып, кийин Манас баатырдын күмбөзүнө зыярат кылып, белгилүү шарттарды аткарып (жети койду курмандыкка чалып) анан манасчы болгондугу тууралуу айтып берген.

Табыпчылык өнөрү дагы – кыргыздын байыркы дөөлөттөрүнүн бири. Муундан муунга өтүп келе жаткан бул сырдуу өнөр ар кимге эле бериле берген эмес. Табыпчылык деген чанда бир адамга Жаратуучу тарабынан ыроолонгон касиет, ар ким тамаша кылганга болбой турган өзгөчө бир керемет өнөр. Бул өнөргө Совет доорунда «эскинин калдыгы» катары мамиле жасалып, расмий түрдө тыюу салынган. Анын натыйжасында бул кесиптин эң уникалдуу өкүлдөрүнүн кайталангыс табышмактуу сырлары өздөрү менен кошо кетти десек да жаңылышпайбыз. Бирок, бул өнөр толугу менен деле жок болуп кеткен жок. Болбосо, мындан 80-100 жыл мурда азыркы Кыргызстандын аймагында дээрлик стационардык ооруканалар жана бейтапканалар, атайын билими бар дарыгерлер болгон эмес. Бирок табыптар жана дарылык касиети бар өсүмдүктөр, тоолор, таштар, бактар, булактар болгон. Ошондуктан, адамдар ооруга чалдыкканда же башка кыйынчылыктарды чечүү зарылдыгы пайда болгондо, алар ошолорго кайрылып, сыйынып, Жараткандан жардам сурашкан. Адамдарды айыктырууда элдик медицина жана ыйык жайлар маанилүү ролду ойногондугу маалим.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап, салттуу ырым-жырымдар жаңы формаларга ээ боло баштаган. Мисалы, ыйык жайларга сыркоодон кыйналып келген

зыяратчыларга медиумдар (рухтар менен адамдардын ортосундагы ортомчу) рухтардын атынан бата тилейт. Мындай жөрөлгө көбүнчө «бата чыгаруу» деп аталат. Ал эми салтка ылайык кадыр-барктуу адамдардын атынан батанын берилиши адаттагыдай эле бата берүү деп аталат. Мындан сырткары ыйык жайларды исламдын элементтерин колдонуу да бар, алсак: зикир чалуу, дубалоо, Куран аяттарын пайдаланып дем салуу ж.б. да бар.

Ошондой эле, адамдардын пикиринде суунун ыйык. Бийик тоолуу көлдөрдө айланадагы бардык жашоо: адамдарды, жаныбарларды, канаттууларды, өсүмдүктөрдү азыктандырган таза суулар сакталат. Мындай көлдөрдүн айланасында, рухий практиктердин маалыматтарына ылайык, көзгө көрүнбөгөн күчтөр: табияттын рухтары жана ата-бабалардын рухтары. Бийик мөңгүлөрдөн аккан тунук суулар жан менен денени азыктандыруучу касиетке ээ. Жер астынан соккон булактар жараларды айыктырат. Тоолордогу жана үңкүрлөрдөгү булактар сууга муктаж болгон бардык тирүү жандыктар менен өз күчүн бөлүшөт.

Жаратылыш дүйнөсүндө жашаган адамдар андан керектүүсүн ала алышкан. Бирок, илгерки замандарда эле адамдар табиятка жансыз нерсе катары мамиле кылып, мыкаачылык көрсөтүп, жаныбарларды же өсүмдүктөрдү ойлонбой жок кылган учурлар болгон. Ошондо даанышмандар менен аксакалдар: «Жаратканкан жазалайт» деп айтышкан. Бүгүнкү күндө табыптар, кабарчылар, эпосту айтуучулар ар бир тоонун, дарыянын же үңкүрдүн өзүнүн руханий колдоочусу же кожоюну бар деп эсептешет.

Жайчылык касиети жөнүндө айта турган болсок, анда сөз бул жерде таштын касиети, сыйкыры тууралуу болмокчу. Көпчүлүк учурда аба ырайынын өзгөрүшүнө таасир кылуу үчүн жайчылар магиялык күчкө ээ таш колдонот, ал жайташ деп аталып келген. Байыркы кыргыздардын ишениминде жайташ көбүнчө койдун же уйдун карынынан табылган. Жайташты колдонгондо жайчылардын атайын окула турган магиялык күчкө ээ дубасы болгондугу да айтылат [2, 194-195-б.].

Жайташ тууралуу маалыматтар элдик оозэки чыгармаларда, алардын ичинен «Манас» эпосунда да кездешет. Эпосто жайчылык башкы оң каармандардын ичинен Алмамбетке гана мүнөздүү. Алмамбет бала кезинде Аберген деген көлдөгү укмуштуу ажыдаардан жайчылыктын, аярлыктын окуусун окугандыгы дастанда кеңири баяндалат. Ал жайчылыгы менен агыны катуу суудан өзү тараптагы жоокерлерди аман өткөрүп, душманды суукка үшүтүп, жеңишке жетишкен учурлары болот [5].

Кыргыз элиндеги жайчылык касиетти бүгүн да кездештирген адамдар бар. Ал тууралуу, 2008-жылы «Айгине» маданий-изилдөө борбору тарабынан Талас облусундагы Нылды-Ата мазарында өткөрүлгөн «Рух көрөңгөсүн сактайлы» аттуу семинардын катышуучусу жайчы Калыйман Данакеева (Жети-Өгүз районундагы Кичи-Жаргылчак айылынын тургуну) элдин өтүнүчү боюнча, дөбөгө чыгып, арканды колдонуу менен аба-ырайын өзгөртүп, жамгыр жаадырганына семинардын бардык катышуучулары күбө болушкандыгы айтылат [5].

Азыркы мезгилде, кыргыздардын жашоо образы түп-тамырынан өзгөргөнүнө карабастан, ыйык жерлердин же алар менен байланыштуу болгон айык буюмдардын кыргыз элинин руханий жашоосуна тийгизген таасири күчтүү экендигин, алардын бүгүнкү күнгө чейин сакталып келгендигинен көрө алабыз. Байыркы ишенимди сактоонун бирден бир себеби, ыйык жерлердин касиеттери, алардын керемет күчү дагы эле ар кандай кырдаалдарда болгон окуялардан ачык көрүнүп турат: оорулууларды дарылоодо, түзмө-түз жана руханий жолду табууда, адамдардын каалоосунун аткарылышында.

Касиеттүү жерлер руханий ырым-жырымдарды аткаруу ата-бабалар жана аалам менен байланышты сактоо, кармоо үчүн өзгөчө маданий мейкиндик болуп саналат. Кыргызстанда касиеттүү жерлерге зыярат кылуу адамдын жаратылыш менен өз ара шайкеш мамиле кылуусунун шарттуу үлгүсү болуп саналат.Кыргыздар көптөгөн түпкүлүктүү элдердикиндиндей, коомчулук менен жеке адамдардын ортосунда гана эмес, адамдар менен жаратылыштын ортосунда дагы өз ара урматтоо мыйзамы түптөлгөн. Табигый дүйнөдө жашоо менен, адамдар андан керектүү нерсени жашоо деңгээлин камсыз кылган өлчөмдө гана алышкан.

Азыркы учурда зыярат кылуу салты маданияттын калыптанган туруктуу түрү болуп саналат. Убакыттын өтүшү менен унутулуп калган жүздөгөн каада-салттардан айырмаланып, өлкөдө касиеттүү жерлерге зыярат кылуу көрүнүшү сакталууда жана өнүгүүдө. Зыярат кылуу салтынын негизинде теңдешсиз тазалыктын-аруулуктун түшүнүгү жатат.Зыяратчы сырткы дене бою жагынан дагы, ички ниети жагынан дагы таза болушу керек. Ошону менен бирге зыяратчы зыярат кыла турган жердин тазалыгы менен коопсуздугун сактоого тийиш. Кыргыздар касиеттүү жерлерге карата адамдын жана коомчулуктун аяр мамилеси менен урматы алардын келечегинин жакшы болуусун камсыздайт деп ишенишкен.

Демек, ыйык жерлер адамдын руханиятына түздөн-түз таасир берип келген жана бере берет десек жаңылышпайбыз. Салттуу ишенимдер жана адам менен Жаратканды ортосунда болгон байланыш, касиеттүү жерлер аркылуу адамды өзүнүн руханий түпкүлүүлүгүнө жана өз өмүрүнүн маанисине кайрып барып, элдин маданиятынын сакталып калуусуна жана коомдук адеп-ахлактын жакшыруусуна алып келет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Абрамзон С.М.Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990, – С.155
2. Алиев С. «Манас» энциклопедиясы. Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995. – 194-195-б.
3. Айгине.https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%90%D0%B9%D0%B3%D0%B8%D0%BD%D0%B5#
4. Асанов Ж.К., Эргешова Т.Т. Феномен национальных традиций. – Б. //Вестник КГУ им. И.Арабаева, 2020, №3. – 45-49 б.
5. Жайчылык касиети. https://kyrgyzcore-kyr.blogspot.com/2011/12/blog-post_2986.htm
6. Ибрагим кызы З., Тажиев М. Теңир Ата. – Бишкек: Бийиктик, 2006, – 43-б.
7. Коңурбаев Т.А. Кыргыз элинин улуттук мурастары, алардын урпактардын нарктуулуктарын калыптандыруу ролу. – Б. //Вестник КГУ им. И.Арабаева, 2018, №2. – 90-98.
8. Кыргыз Совет Энциклопедиясы. Башкы редактор Б. О. Орузбаева. – Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1980. Том 5. Пирс – Токкана. – 656 б.
9. Кыргызстандагы ыйык жерлердин түркүндүүлүгү, аларды коргоо жана өнүктүрүү, тажрыйбасы. https://aigine.kg/images/Publications/article4.PDF
10. Манасчылык – кылым карыткан мурас. https://www.super.kg/article/show/2335
11. Ош – самый древний город Кыргызстана. https://ru.sputnik.kg/20211024/osh-kultura-naselenie-klimat-turizm-1054337070.html
12. Ыйык жерлер жөнүндө мыйзам керек. https://aigine.kg/images/bubl/3_sacred_sites_Nur_el.pdf

13. *Ысык-Көлдөгү ыйык жерлер: касиет, зыярат, өнөр.* https://aigine.kg/?page_id=10350&lang=kg

**Рецензент: философия илимдеринин кандидаты, доцент Бекбоева А.К.**